УДК 81:81'34

Иманова Ж.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛДИН АЙРЫМ МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада публицистик стилдин жанрдык өзгөчөлүктөрүнөн илимий иликтөөгө муктаж болгон айрым газеталык жанрлардын мааниси, негизги максаты каралды. Маселен, хроника жанры, интервью жанры боюнча.*

Кийинки мезгилдерде жалпы тил илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде да кеп маданияты менен стилистикага өзгөчө зор кызыгуулар болуп жаткандыгы белгилүү. Кеп маданияты – жалпы маданияттын олуттуу бир тармагы, тагыраак айтканда, тил каражаттарын максатка: пикир алмашуунун шартына, чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык чеберчилик менен колдоно билүү ийгилиги, бул болсо стилистика менен тикеден-тике байланыштуу. Стилистика кепке сөздөрдон орундуу пайдаланылышын максатка, сөз жүрүп жаткан шартка жараша уюмдаштырылып колдонулушуна ылайыкталган түрү.

Пикир алышуудагы тил каражаттарынын тандалышы жана уюштурулушу дайыма эле бирдей боло бербейт. Коомдун, маданияттын, илим-билимдин, иш жүргүзүүнүн жалпы өнүгүш деңгээли тилде белгилүү өзгөрүүлөрдүн болушун шарттайт. Алардын натыйжасында стилдин түрлөрү пайда болот. Алар, жалпысынан, сүйлөшүү стили жана китептик же жазма стиль деп экиге бөлүштүрүлөт. Китептик стиль өз ичинен илимий стиль, иштиктүү стиль, публицистикалык стиль жана көркөм адабияттын стили деп бөлүнөт.

Биз бул макалада кыргыз тилинин функционалдык стилдеринин бири болгон публицистикалык стиль жана анда колдонулуучу айрым жанрлардын өзгөчөлүктөрүнө токтолобуз.

Публицистикалык стилдеги эң негизги максат биздин өлкөбүздө жана чет өлкөлөрдө болуп жаткан маанилүү саясий окуялар, иш аракеттер жөнүндө өз учурунда тез, таасирдүү, жеткиликтүү маалымат берүү гана эмес, массанын ошол айтылып жаткан ишке, маселеге бекем ишендирүү, кезекте турган проблеманы чечүүгө, иштеги кемчиликтерди жоюуга, активдүү катышууга үгүттөө жана уюштуруу болуп эсептелет.

Ошондуктан аталган стиль агитация-пропаганда жүргүзүү, көпчүлүктү чындыкка, адилеттүүлүккө тарбиялоо үчүн өтө зарыл. Публицистикалык стиль калайык-калкты, калың массаны пикир алышуу жагынан тейлеген стиль болгондуктан, газета-журналдар, радио менен телекөрсөтүүлөр ушул стилди пайдаланат, элибизди өлкөбүздөгү жана чет өлкөлөрдөгү болуп жаткан окуялар менен оперативдүү тааныштырат, коомдук аң-сезимди калыптандырат. Акыркы жылдар ичинде массалык маалымат каражаттары болуп көрбөгөндөй ылдамдык менен өсүү деңгээлине жетти. Анын натыйжасында, публицистикалык материалдардын мазмуну жаңы сапатка, жаңы мазмунга ээ болду.

Ушундан улам жаңы окуяларды, көрүнүштөрдү жана башка нерселерди билгизген сөздөр, сөз айкаштары ар бир мезгилдин уран- чакырыктары, баарыдан мурда, публицистикалык стилде чагылдырылат. Маселен: маалымдуулук, демократия, инвестиция, азем, аким, акимчилик, акционердик коом, эл толкуну, масалык нааразычылык митингдери, маркировка, парламенттик шайлоо, сырткы

сүрөөнчүлөр, ички сүрөөнчүлөр, коомдук митинг жана башка. Публицистикалык стилге газетанын тили кирет. Газетанын материалдары мазмуну жагынан бирдей эмес, анда жарыяланган материалдар көлөмү жагынан кыска келет жана анда колдонулуучу жанрлар ар түрдүү болот.

Публицистикалык стилге коомдук темада жазылган газеталык, журналдык макалалардын, адабий сын макалалардын агитациялык – пропагандалык материалдардын жана жалпы эле газетага жарыяланган ар түрдүү кабарлардын, билдирүүлөрдүн, кыска түрлөрү кирет. Бирок газетага жарыяланган материалдардын баары эле публицистикалык стилге тиешелүү боло бербейт. Аталган стилге газета-журналдардын баш макалалары, эл алдына сүйлөнгөн маанилүү коомдук-саясий маселелер, массалык маалымат каражаттарынын маанилүү жаңылыктарды, жаңы сөздөр, көрүнүштөр, ачылыштар, ар бир мезгилдин ураан-чакырыктары публицистикалык стилде чагылдырылат. Маселен: Референдумдун жыйынтыгына арналды. Мектептердин курулушу – мезгилдин бурулушу (баш макалалардын аталыштарынан, «Ысык-Көл кабарларынан»). Эки элдин достугун бекемдеген мааракe. Тоң аймагындагы Т.Керексизовдун «Аалам ордо» маданий комплексинде Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевдин кутман курак 70 жылдыгына арналган маарекелик иш-чара өттү («Ысык-Көл кабарлары»). Бардыгыңар референдумга! Кан-Тоонун сыры. Бүгүн ала-тоолук кырк жигиттин Алтай Республикасына барып түшкөнүнө тогуз күн болот. Жол азабы, көр азабы дегендей «Алтайдан – Ала-Тоого Манастын жолу менен» жүрүшү кээ бир учурларда кыйынчылыктарга кабылууда. («Жаңы агым», 20.08.10.).

Публицистикалык чыгарма коомдун чектелбеген адамдар тобуна арналгандыктан, анын тили да элдик тилге жакындыгы, жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. Анын стили так, ачык жана образдуу келип, көпчүлүккө жеңил, түшүнүктүү болуш керек. Ошондуктан анын тилинде орток маанилүү тилдик каражаттардан тартып троптун түрлөрүнө чейинки тилдик каражаттар колдонула берет.

Публицистикалык стиль кыргыз адабий тилинин функционалдык стилдеринин башка түрлөрү сыяктуу эле жазма жана оозеки формада болот.

Публицистикалык стилдин түрлөрү, жанрлары экстралингвистикалык каражаттары менен гана айырмаланбастан, массалык маалымат каражаттарынын кайсыл түрү менен массага берлип жаткандыгы боюнча да өзгөчөлөнөт. Маселен, бир эле мазмундагы материал газетага, радиого, телевидениеге тилдик жана тилдик эмес белгилери боюнча ар башкача даярдалат. Публицистикалык материал ар түрдүү формада окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү формаларында кабыл алынат.

Кыргыз тилиндеги функционалдык стилдердин түрлөрү бири-биринен тил каражаттарынын колдонулуш өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланат. Ар бир стилдин өздөрүнө тиешелүү мүнөздүү белгилери бар. Маселен, публицистикалык стиль массалык мүнөзгө ээ болгондуктан ал окурмандардын ар түрдүү чөйрөсүнө арналат. Ошол себептен, материалдардын мүнөзүнө ылайык жарыяланган материалдардын темасы да ар түрдүү келип, калың массага жеткиликтүү, түшүнүктүү болгудай көбүнчө тили так болуп, элдик жөнөкөй тил каражаттары колдонулат. Ал эми илимий стилде эмоционалдуу-экспрессивдүү мүнөздөгү тил каражаттарынын колдонулушу көбүрөөк болуп, адамдын өмүр турмушун образдуу чагылдырып, окурмандарга эстетикалык жактан таасир эте тургандай максатта болот.

Публицистикалык стилге, баарыдан мурда, газетанын тили кирет. Газеталык материалдар мазмун жагынан бирдей эмес. Газетанын беттерине ар түрдүү мазмундагы материалдар жарыяланат.

Публицистикалык стилде жазылган тексттерди классификациялоодо окумуштуулардын көз караштары ар түрдүү экендигин белгилеп, проф. С.Кудайбергенов публицистикалык стилдик түрлөрдү аныктоодо өзүнүн көз карашын сунуштап төмөнкүдөй бөлүштүрөт: 1) билдирүү жанрлары деп көрсөтөт да, аларга: хроникалык билдирүүлөр жана чет элдик кабарларды киргизет. 2) фельетон, макала, корреспонденция жана интервью. 3) Көркөм адабият. Буларды: аңгеме, очерк, ыр, повесть, роман жана пьеса деп бөлүштүрөт [3].

Окумуштуу С.Давлетов 1) информациялык жанр деп заметка, репортаж, отчет, интервьюну атайт. Аталган жанрлар кандайдыр бир окуя жөнүндө коомчулукка маалымат берүү максатын көздөөрүн белгилейт. 2) аналитикалык жанр деп аларга: статья, рецензия, басма сөзгө обзор, жанр катарында кат колдонуларын сунуштайт [1].

Окумуштуу М.П.Брандес публицистикалык чыгармаларды газеталык публицистика жана журналдык публицистика деп бөлүштүрөт. Анын негизинде публицистикалык түрлөрүн тексттин типтерине ылайык информатикалык, аналитикалык жана көркөм публицистикалар деп бөлүштүрөт жана алардын подстилдерин көрсөтөт.

Ал эми стилист проф. Т.Ашырбаев публицистикалык стилде жазылган тексттерди классификациялоодо публицистикалык чыгармалардын эмоционалдуулугун же кургак эмоционалдуулугун эске алуу менен, анын негизинде өзүнүн классификациясын сунуш кылат.

1. Расмий публицистикалык стилдин түрлөрүнүн тексти, негизинен: хроника, отчет, заметка, билдирүү, интервью, баш макала, проблемалык сын макала, рецензия, комментария.

2. Бейрасмий публицистикалык стилдин түрлөрүнө: фельетон, памфлет, очерк, репортаж, глосса деп бөлүштүрөт.

Публицистикалык стилдин жанрдык түрлөрү да сөздөрдү тандоо принцибинин негизинде колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, чогулуштардын, сессиялардын отчетунда расмий илимий сөздөр басымдуулук кылса, фельетон, көркөм очерк жанрларында көркөм стилге мүнөздүү сөздөр жана троптун түрлөрү да колдонула берет. Анда көбүнчө кыргыз тилиндеги орток маанилүү сөздөр менен кошо жалпы илимий сөздөр да пайдаланылат. Мындай сөздөр: <u>адекватуу</u>, <u>альтернатива</u>, <u>кайрылуу</u>, <u>акимчилик</u>, <u>көп партиялуулук</u> ж.б. сөздөр кирет.

Журналистикага арналган айрым эмгектерде интервьюга карата төмөндөгүдөй түшүнүктөр берилет. Интервью термини англисче сөздүн бизче аңгемелешүү деген маанидегиси. «Термин интервью» имеет два основных значения. Во-первых - он обозначает метод получения сбора любых сведений (в том числе и для газеты), посредством вопросов, беседы, т.е. путем живого общения двух людей. Во-вторых, он определяет жанр. В дальнейшем речь пойдет именно о жанре интервью. (Словарь иностранных слов. - Москва, 1980, 202-б.).

Мында интервьюнун эки түрдүү мааниси белгиленген, метод катарында колдонулушу көрсөтүлгөн.

Интервью пубицистикалык жанрдын бир түрү катары төмөнкү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. 1) Адатта интервьюга бир нече адам катышат. Алардын бири газета-журналдарда, радио-телевидениеде иштеген кызматкер (журналист болот) 2) Алар коомдук олутуу мааниси бар, газета, журналдарга жарыялоого, радио аркылуу эфирге чыгууга, телевидение аркылуу берүүгө жана көрсөтүүгө жарамдуу болгон маселелер жөнүндө пикир алышуу. 3) Пикир алышуу өз ара

аңгемелешүү түрүндө өтөт.

- Аалыбек Акунович, алдыда өтө турган референдум өлкөдөгү кырдаалды турукташтырып, элибизге тынчтык жана мыйзамдуулук алып келет деп ишенүүгө кандай негиздер бар?

- Бул референдумду өткөрүүнүн эң негизги максаты – жаңы Конституцияны кабыл алуу жана ошол Конституцияны ишке ашыруу механизми катары өткөөл мезгилдеги президентти кошо бекитүү (Кутбилим, 25-июнь, 2010-ж.).

Демек, интервьюнун милдети ишенимдүү булактарга таянат, кандайдыр бир фактыны, окуяны калың элге тартуулоо, аларга карата массанын пикирин пайда кылуу болуп саналат.

Интервьюнун эң негизги артыкчылыгы коомдук олуттуу маанидеги маселени туура, саясий максатка ылайык, иш билгилик менен, таасир эткидей мүнөздө калайык-калкка жеткире алгандыгында турат.

Ошентип интервью публицистикалык стилдеги кеңири тараган жанрдын бири болуп саналат.

Биз жогоруда келтирилген окумуштуулардын көз караштары боюнча берилген публицистикалык стилде жазылган текстерди классификациялоо боюнча проф. Т.Ашырбаевдин пикирин жетекчиликке алып публицистикалык стилдин түрлөрүнө, тагыраак айтканда, айрым жанрларына карата кыскача сөз кылмакчыбыз [5].

Хроника жанры.

Массалык маалымат каражаттарында колдонулган күндөлүк коомдук турмушта болгон түрдүү жаңылыктарды чагылдырган көлөмү чакан түрдүү фактыларды камтыган чыгарма.

Газеталык жанрдын өзүнчө бир түрү хроникалык информация деп аталат. Бул термин орус тилиндеги «хроникальная информация» деген терминдин үлгүсүндө жасалган.

«Словарь иностранных слов» деген эмгекте «хроника» термининин төрт мааниси берилген. Мындагы берилген экинчи, үчүнчү маанилери кыргыз тилиндеги колдонулушуна туура келет:

«Литературное произведение, содержащее последовательное изложение событий, общественных или семейных; Үчүнчү мааниси: а) в периодической печати, радио, кино и т.д. сообщение информационного характера о текущих событиях» – деп берилген. (Словарь иностранных слов. -М., 1980, 564-б.).

Ошентип, хроникалык информация дегенибиз – газеталык агымда болуп жаткан, болгон же боло турган олуттуу мааниси бар жаңылыктар жөнүндө кабар берген кыскача билдирүү. Адатта мындай билдирүү он-он беш беттен аша бербейт.

Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаева иш сапары менен Нарын шаарында болгондо өзү окуган № 2 Чкалов атындагы мектеп-гимназияда болуп, жогорку класстын окуучуларына Тынчтык сабагын өттү (Кутбилим, 10-сентябрь, 2010-ж.).

Отчет. Кандайдыр бир аткарылган иш-чара чечилген проблема боюнча жасалган билдирүү. Анын көлөмү ар түрдүү болушу мүмкүн. Отчет жанрынын өзгөчөлүгү анда кабарланып жаткан предметтин спецификасынан көрүнөт. Отчет окуянын программалык мүнөзүн бузбай, ирети менен баяндоодо окуянын мазмунун оозеки айтуу же жазуу формасында даярдалат. Публицистикалык отчетту илимий жана өндүрүштүк отчеттон айырмалай билүү зарыл. Маселен, эл депутаттарынын өз шайлоочуларынын алдында өтүнүчтөрүн жана талаптарынын аткарылышы боюнча чыгып сүйлөшү боюнча отчеттун үлгүсү болот.

Интервью. Мурда айтылган принципти сактап алдын ала «интервью» деген терминдин түпкү тегин, келип чыгышына жана анын маанисине токтолуу абзел. Мына ошондо бул терминди туура колдонуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Интервью терминин түпкү чыгышы жана мааниси жөнүндө чет тилдер сөздүгүндө мындайча түшүндүрмө берилет.

Интервью (англ.-inteliew) -1) предназначенная для распространения в печати, радио, телевидению беседа в форме вопросов и ответов с государственным или каким-либо другим деятелем. 2) в социологических исследованиях беседа исследователя по заранее замеченному плану с лицом или группой лиц, ответ которых на вопросы исследователя служат сходным эмпирическим материалом для обобщений. Бул түшүнүктөр көбүнчө интервьюнун жанр катарындагы бөтөнчөлүгүнө туура келет. Бирок анын өзүнчө бир метод катарындагы өзгөчөлүгүн чагылдыра албайт.

**Адабияттар:**

1. Давлетов С.А. Байланыштуу речь. – Бишкек, 1999. 34-б.
2. Давлетов С.А. Аталган эмгек, 50-б.
3. Кудайбергенов С. Публицистикалык стиль жөнүндө жалпы маалымат. Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү. – Фрунзе. 1983. 5-б.
4. Кудайбергенов С. Аталган китеп, 7-б.
5. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп, - Б., 2004. 66-б.
6. Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка. – Л.: Просвещение, 1981. 295-б.